КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXIV сессиясы**

**Токтом № 105**

Сүлүктү шаары 05.04. 2023ж

**Сүлүктү шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесине убактылуу (сезондук) мезгил үчүн келишимдин негизинде 1 (бир) багбан жалдоого макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык мэриясынын 24.03.2023ж. №01-12/704 чыгыш сандагы Сүлүктү шаарынын Кош-Булак аймагындагы Д. Жороев көчөсүндөгү муниципалдык бакка бак дарактардын көчөтүн отургузуу, сугаруу жана кам көрүү үчүн шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесине 1 (бир) штаттык бирдик (багбан) кароого макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамына ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын Кош-Булак аймагындагы Д. Жороев көчөсүндөгү муниципалдык бакка бак дарактардын көчөтүн отургузуу, сугаруу жана кам көрүү үчүн шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесине убактылуу (сезондук) мезгил үчүн келишимдин негизинде 1 (бир) багбан жалдоого макулдук берилсин;
2. Токтомдун 1-пунктуна тиешелүү иштин жүргүзүлүшүн мыйзамдын чегинде ишке ашырылуусун көзөмөлдөө шаардын мэри Б.Ш. Абдыжапаровго милдеттендирилсин
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага : Р.М. Жайнаков